«Бекитемин»
Ош шаарынын билим берүү бөлүмүнүн
башчысы ____________ Аматова С. Ю.
«___» ____________ 2023- ж.

**Илимий-изилдөөлөрдү, илимий-техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

1. Ишке ашыруунун автору: Ажибекова Айзада Токтогуловна

**Комиссиянын курамы**:

**Комиссиянын төрайымы:** Ош шаарынын №27 XXIV партсъезд атындагы мектептин директору А.В. Карабекова

**Мүчөлөрү:** окуу бөлүмүнүн башчысы Бактыбек кызы Күмүшай, математика жана физика секциясынын башчысы Д.К. Ахматкулова, математика мугалими Ү. А. Садыкова.

**Катчысы:** Б. Жакыпбекова

Ош мамлекеттик университетинин «Математиканы, информатиканы окутуунун технологиялары жана билим берүүдөгү менеджмент» кафедрасынын изденүүчүсү Ажибекова Айзада Токтогуловнанын «**Математика курсу боюнча окуу методикалык комплекстерди түзүүнүн жана аны колдонуунун методикасы (9-класстын алгебрасынын мисалында)»** аттуу темадагы жазган диссертациялык ишинин жыйынтыктарын №27 мектептин 9-классынын окуучуларына алгебраны окутуу процессинде колдонулушу боюнча комиссия төмөндөгүлөрдү белгилейт.

**Илимий иштин кыскача аннотациясы:** улуттук мамлекеттүүлүктүн калыптанышы, рыноктук экономика коомдук мамилелерди түп тамырынан бери өзгөртүү менен коомдун бардык системаларын реформалоону, анын ичинде билим берүү системасында да реформаларды жүргүзүүнү талап кылат. Анткени билим берүү коомдун маанилүү системаларынын бири, ошондой эле анын ичинен коомдун бүгүнкү күнү гана эмес, келечеги да көз каранды болгон структуралык бөлүгү. Азыркы учурда республиканын билим берүү системасында жүргүзүлүп жаткан реформалар жогорку максатка терең жана бекем билимге ээ болгон, жаңыча чыгармачыл ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, дүйнөгө көз карашынын маданияты өнүккөн, айлана чөйрөгө аяр мамиле жасай билген жаңы муунду тарбиялоого багытталып, улуттук билим берүү системасынын өнүгүшүнүн стратегиясын аныктоо жана иштеп чыгуу, орто билим берүүнүн концепцияларын даярдоо, билим берүүнүн жаңы мазмунун калыптандыруу сыяктуу чараларды ишке ашыруу жолу менен бара жатат.

2. Алгебра сабагындагы проблемалар боюнча психологиялык-педагогикалык, методикалык жана математикалык адабияттарды талдоо

жүргүзүүнүн негизинде окуу-методикалык комплекстерин түзүүнүн жана колдонуунун теориялык жана практикалык маанисин аныктап берди.

3. 9-класстын алгебра курсунун предметтик стандартына, окуу китептерине жана окуу-методикалык колдонмолоруна талдоо жүргүзүлүп, окуучуларды дифференцирлеп окутууга багытталып түзүлгөн окуу-методикалык комплекси жана аны ишке ашыруунун методикасын пайдаланды.

4. Иштелип чыккан 9-класстын алгебрасы боюнча окуу-методикалык комплексин окуу процессинде колдонуунун натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүүнүн жыйынтыктары алынды.

5. Ош шаарынын №27 XXIV партсъезд атындагы мектебинде 2016-2023-жылдары эксперимент жүргүзүлдү.

6. Изилдөөнүн темасына ылайык алгебра курсун окуучулардын билим деңгээлдерин эске алуу менен ОМКнын негизинде окутууда окуучулардын билим сапатын жакшыртууга окуу-методикалык комплексти пайдалануу эффективдүүлүгүн көрсөттү.

Комиссиянын төрайымы
№27 мектептин директору: А.В. Карабекова

Комиссиянын катчысы: Б. Жакыпбекова